FROM : [redacted] FAX NO. : 7 Dec. 2011 12:23PM P1


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН
ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ

НООКЕН РАЙОНДУК
ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ

721200, Ноокен району Масы айылы Ленин көчөсү-9
Тел. 037-34 5-0544
Факс 037-34 5-0544

МИНИСТЕРСТВО ВНУТЕРННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗ РЕСБУПЛИКИ

УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ

ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
НООКЕНСКОГО РАЙОНА

721200,Ноокенского района с.Масы ул. Ленина-9
Тел. 037-34 5-0544
Факс 037-34 5-0544


23.11.2021 №6/4022

_______________№_________катка

**Кыргыз Республикасынын**
**борбордук шайлоо комиссиясынын**
**төрайымы**
**Н.К.Шайлдабековага**

## АТАЙЫН БИЛДИРҮҮ

Ноокен районунун Бүргөндү айыл өкмөтүнүн Ат-Чабар көчөсүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган Юлдашев А[redacted] К[redacted] УКМКнын Ноокен райондук бөлүмчөсүнө арыз менен кайрылып, анда; 2021-жылдын 18-ноябры түнкү саат 21:00 чамаларында Бүргөндү айыл өкмөтүндө орун алган "Ак-Бата" тойканасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Арстанбеков А[redacted] бир тууган иниси Арстанбеков О[redacted] аттуу жаран, А.Юлдашев Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Сыдыков Б[redacted] үгүттөөчү болуп иштеп жаткандыгы үчүн Кыргызстандын аймагынан көчүрүп жиберемин деп коркутуп, белгисиз телефон номерлери аркылуу чалып, оозго алгыс уят сөздөр менен акарат кылып, коркутуп жаткандыгын билдирип, мыйзам чегинде чара көрүп берүүнү суранган.

Юлдашев Адашвай Кадировичдин жазган арызы боюнча топтолгон материалдар караштуулугу боюнча Ноокен РИИБно жиберилип, 2021-жылдын 23-ноябрында Ноокен РИИБдин каттоо журналына №1230 саны менен киригштелип, ушул эле күнү Ноокен РИИБдин маалыматтардын электрондук журналына 02-037-2021-001048 сандуу катталган. Алдын ала текшерүү учурунда Арстанбеков А[redacted] аттуу жаран Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Арстанбеков А[redacted] бир тууган иниси, Ноокен районунун Бүргөндү айыл өкмөтүнүн [redacted] айылынын [redacted] көчөсүнүн №[redacted] үйүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган Арстанбеков О[redacted] С[redacted] экендиги аныкталган.

Азыркы күндө Юлдашев А[redacted] К[redacted] жазган арызы боюнча алдын ала текшерүү иштери жүргүзүлүүдө, келип түшкөн маалыматтар боюнча кошумча билдиребиз.

**Ноокен РИИБдин начальниги** **Мусаев А. Б.**